УДК: 373

Омурбеков А.М.

*Талас мамлекеттик университети*

# КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК ДИДАКТИКАЛЫК МАТЕРИАЛ МЕНЕН ТЫГЫЗ БАЙЛАНЫШТА

*Бул макала учурдагы билим берүү системасына байланышкан проблемаларды козгойт. Билим берүү боюнча өлкөбүздүн аймактарынан алынган фактылар келтирилип орто мектептердеги проблемаларды чечүү жолдору сунушталат. Ошондой эле жаш мугалимдердин айыл мектептеринде калыптануусу жана алардын компетенттүүлүктөрүн жогорулатууда дидактикалык материалдардын ролу чоң экендигине көңүл бурулуп белгиленген. Макала билим берүү системасында негизги проблемаларды чечүү боюнча жаңы сунуштарды, ой пикирлерди камтыйт.*

Эгемендүү мамлекетибиздеги көптөгөн жогорку окуу жайларынан ар жылы бир нече миң жаш адис мугалимдер бүтүрүп чыгышууда. Маалымат каражатынын акыркы билдирүүлөрүнө таянсак, мамлекетибиздеги 2185 мектептерде бир миллиондон ашык окуучу билим алып чыгышты. Ал жаш муундарга заманбап, ар тараптуу билим берүү максатында 72137 мугалим эмгектеништи. Ошого карабастан 3622 мугалим жетишпей калгандыгы да айкын болду. Демек жок эле дегенде ошончо мугалим эки же андан көп предметтен сабак берди же болбосо ашыкча ставкада иштеди.

Статистиканын дагы бир маалыматына [1] таянсак жогорудагы иштеген мугалимдердин ичинен 35 жашка чейинкилери болгону 14% түзгөн. Бул көрсөткүч бүгүнкү күндүн талабына такыр эле жооп бербейт. Учурдагы окутуп тарбиялоо процессинде бул көрсөткүч жок дегенде 35-40% түзүш керек деп ойлойбуз. Ошол эле учурда, пенсия курагындагы бирок эмгектенип жаткан мугалимдер кээ бир мектептерде 20% дан ашып кеткен. Сөзүм куру болбос үчүн Бишкек шаарындагы № 42 мектептин директору Т. Борукчиевдин билдирүүсүн келтире кетейин [2]. «Мектептеги кээ бир класста 42-47 окуучу окушат. Ал эми окуу базасынын тардыгынан окутуу аргасыз 3 сменде жүргүзүлөт. Жалпы 71 мугалим эмгектенип жаткан болсо, анын жетөөсү жаш, он алтысы пенсия курагындагы мугалимдер болуп эсептелишет. Көпчүлүк мугалимдер 2 класс менен иштөөгө аргасыз. Эмгек акылары араң 1800-2400 сомду түзөт»- дейт. Демек, эки класс менен иштеген мугалим 3600-4500 сомдун тегерегиндеги эмгек акы алыш үчүн гана эмгектенип жаткандай болуп жатат. Алар бир класска активдүү иш аракет жасаганы менен экинчи класска андай аракетти жасоого физикалык жактан кубаты жетпей калат. Демек экинчи классты окутуунун сапаты жетиштүү деп айтууга болобу? Жогорудагы көрсөткүчтөрдү эске алсак аталган мектептеги жаш мугалимдер 10%, ал эми пенсия курагындагылар 23% жакынын түзөрү ачык көрүнүп турбайбы. Борбордогу мектепке орношкон жаш мугалимдердин көрсөткүчү ушул болсо, айылдык мектептерге барган жаш мугалимдердин көрсөткүчү кандай болмок эле? Көрсөтүлгөн автордун [3] маалыматында мектептеги мугалимдердин 80 пайызы - аялдар, 60 пайыздан ашыгы пенсия жашындагылар, жаштар 5 пайызга жетпейт экен.

Мына ушундай маалыматтардын аркасында учурдагы мугалимдердин компетенттүүлүктөрү боюнча анализ жүргүзүп көрөлү. Биринчиден мектептеги жаш мугалимдердин саны канчалык көп болсо, ал жерде ошончолук даражада заманбап интерактивдүү, иновациялык технология көп колдонулат да ар түрдүү усулдук технологиялар аткарылат. Мындай аракеттердин натыйжасында окуучулардын активдүүлүгү эле жогорулабастан, жаш мугалимдердин да компетенттүүлүгү артат. Экинчиден, мектептеги окуу-тарбия иштери жанданат.

Ошол эле мектептеги 23% пенсия курагындагы мугалимдердин көпчүлүгү потенциалдуу активдүүлүктөрүн начарлатып жиберишкен болушу мүмкүн. Алар активдештирүүнүн жаңы усулдарын көп пайдаланышпайт. Компъютердик технология,

интернет ж.б. дээрлик колдонушпайт. Демек мындай мугалимдердин компетенттүүлүктөрү талапка жооп бербейт.

2009-жылдын март айында Талас шаарында Жогорку Кеңештин 6 депутаты менен болгон элдин жолугушуусунда да бул маселе козголду. Аймакта жаш мугалимдердин мектепте такай иштеп калуусу жана алардын компетентүүлүгүн арттыруунун жолдорун чечүү проблемасы коюлду. Облустук администрациядан келген аттуу, баштуу жетекчи, жаш мугалимдерден патриоттуулукту талап кылуу менен айыл жергесинде калыптанган компетенттүү мугалим болуш үчүн алардын арендага жер алып, көп-көп мал багуу менен кошумча каражат табуусун сунуш кылды. Учурда айына 1200сом айлык алган айылдык жаш мугалим жер арендасын төлөйбү же урук, даары, суу ж.б. коромжуларга жеткиреби. Эң негизгиси ал эмне үчүн педагогдук кесипке ээ болду? Заманбап усулдарды колдонуу менен жакшы сабак өтүү аркылуу өз компетенттүүлүгүн өстүрөбү же эл катары турмуш тиричилик кылуу үчүн чарба жумушун аткарабы? Жаш мугалимдердин келечегине, компетенттүүлүгүнө жогорудагыдай сезимдеги жетекчилердин сунушуна кошула турган болсок, окутуунун сапаттуулугун кантип жогорулатабыз?

Мугалимдердин компетенттүүлүгү жөнүндөгү сөздү улай турган болсок, ал мугалимдердин өз билимин тынбай өркүндөтүп өз практикасында үзүрлүү пайдаланып туруусунда болуп эсептелет. Өткөн окуу жылында мамлекет боюнча мугалимдердин 20 пайызга жакыны гана өз билимдерин өркүндөттү деген документ алышкан [1]. Алардын канча пайызы реалдуу экендиги белгисиз. Бул багытта райондук, облустук, республикалык билим өркүндөтүүчү мекемелер тараптан биргелешип мугалимдердин компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу боюнча чара көрөт деп ишенебиз. Көпчүлүк учурда компетентсиз башка кесиптеги мугалимдерди мектептерде иштетип жатышат. Мисалы: Талас райондук билим берүү бөлүмүнүн 2009-2010-окуу жылына берген маалыматы боюнча 3 эле физик мугалим жетишпейт деп көрсөтүлгөн. Ал эми мен жашаган аймактагы 5 мектепте физика боюнча башка кесиптеги, ошондой эле пенсионер мугалимдер иштеп жатышат. Эптеп айлык акы алуу жана пенсиондук ставканы жогорулатуу максатында иштеп жатышкан бул педагогдор талапка жооп берерлик окутуу иштерин жүргүзүп жатат деп айта албайбыз. Же болбосо тааныш билиш, кыргызчылык кылып жаткандай сезилет. Ошондуктан, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, директорлор окутуунун компетенттүүлүгү жөнүндөгү талаптарды так аткарбаса, анда алар өз ордуна компетенттүү эмес.

Көпчүлүк учурларда компетенттүүлүккө ар бир мугалим өзү аракет кылуусу зарыл экендиги баса белгиленет. Мындай ойго толук кошулуу менен учурдагы билим жана илим министри А.И. Мусаевдин журналистер менен болгон жолугушуусундагы [2]. «Билимди ар бир үйгө жеткирүү жана компетенттүүлүктү жогорулатуу проблемалары жөнүндөгү» ой-пикирин мисал келтире кетейин. Бул проблеманы ишке ашыруу үчүн мугалим төмөндөгүдөй сапаттарга ээ болушу зарыл шарт:

- предметтик билиминин терең болушу;
- билимди толук жеткире алышы;
- окуучулардын жеке билимдери боюнча диагностикалык анализ кыла билүүсү;
- учурдагы окутуунун жаңы технологияларын пайдалана алышы;
- окутуунун жаңы долбоорлоруна активдүү катышышы;
- предметтин башка предметтер менен болгон байланышын күчөтүү менен иш алып баруусу;
- ар бир теманын теориялык жана практикалык айкалышын ачып бере алуусу ж.б.

Ошол эле учурда мугалимдердин компетенттүүлүгүн арттырууда техникалык жана дидактикалык каражаттардын мааниси чоң экендиги белгилүү. Белгиленген макаланын авторлору [4], орто жана жогорку окуу жайларында табигый билим тармагында билим берүү сапатын жогорулатуу окуу иштерин уюштурууга зарыл болгон материалдык техникалык базанын, жаңы маалыматтык-технологиялык каражаттардын жетиштүү

болушу менен түздөн-түз байланыштуу экендигин баса белгилеген. Ошондуктан азыркы учурда ар бир компетенттүү мугалим мындай каражаттарды ар бир сабакта жана сабактан тышкаркы учурларда натыйжалуу пайдалануусу зарыл деп эсептейбиз.

2009-2010 - окуу жылынын башталышында республика боюнча 3000ден ашык мугалим жетишпей калганы айтылууда. Демек, жогорудагы ойлорду ишке ашыруу ордунан жылбай калдыбы, же жылдан жылга татаалдаша баштайбы деген ойго келесиң.

Адабияттар:


1. Агым» газетасы 27-март, 2009 – ж.

2.(www.kenesh.kg/.f/e3d16b41-eac4-4366-b72d-2a165144b6fb/Справка.doc)

3. Иптаров С. Билим кени элде/ Кыргызстандагы билим берүү системасы: кече, бүгүн жана эртең: Симпозиумдун материалдары –Бишкек: Алтын тамга, 2007, 28-б.

4. Мамбетакунов Э., Карашев Т., Мамбетакунов У. Кыргызстандагы физикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жөнүндө./ Кыргызстандагы билим берүү системасы: кече, бүгүн жана эртең: Симпозиумдун материалдары. –Бишкек: Алтын тамга, 2007, 254-б.